# Замандаш

Күч бирдикте бир жүрөлү, замандаш, эй, замандаш,

Күн өткөрүп күлкү, ырга аралаш, эй, аралаш.

Жаныңдагы мүдүрүлүп чалынса, эй, чалынса,

Жардам кылып жараатына каралаш.

Кайырма:

Ал менин досум, сенин да досуң,

Ал менин досум, сенин да досуң,

Достугубузга, замандаштар, ырыскы толсун,

бак-таалай консун.

Кызгалдактай ачылат, эй, ачылат,

Кол кармашып бир ойнойлу, кел, досум.

Улуу турса урмат кылып амандаш, эй, амандаш,

Кичүүлөргө сый бололу, замандаш, эй, замандаш.

Капыс бирөө жаза басып чалынса, эй, чалынса,

Болбойт аны "акылсыз" деп жамандаш.

Дасторкондо желип бүтсө тамак-аш, эй, тамак-аш,

Бата кылбай туруп кетпе, зац-андаш, эй, замандаш.

Ата Журттун үрп-адатын сактаса, эй, сактаса,

Болбойт аны "эскиси" деп мазакташ.